ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 821.92

**ОРОЗБЕК К. Э.**
КГУСТА ИМ. Н. ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: OROZBEKOVA1990@INBOX.RU

**OROZBEK KYZY ELNURA**
KSUCTA N.A. N. ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC

***E.mail. ksucta@elcat.kg***

## «СЕЙТЕК» ЭПОСУНУН ТЕМАСЫ, ИДЕЯСЫ ЖАНА ПОЭТИКАСЫ

## ТЕМА, ИДЕЯ И ПОЭТИКА ЭПОСА “СЕЙТЕК”

## THEME, IDEA AND POETICS OF EPOTS "SEITEK"

*Макалада “Сейтек” эпосунун темасы менен идеясы, көркөм каражаттары, баатыр каармандардын көркөм мүнөзүн ачууда Саякбайдын колдонгон сөз каражаттары тууралуу сөз болот. Эпостогу Сейтек, Карадөө, Сарыбай, Куялы, Кыяз сыяктуу баатырлардын эпостук каармандар катары ички табияты, мүнөздөрү белгиленет.*

***Чечүүчү сөздөр**: көркөм чыгарманын темасы менен идеясы, поэтикасы, көркөм сөз каражаттары, каармандын мүнөзү, салттуу поэзия.*

*В статье автор рассказывает о средствах, которые Саякбай использует при раскрытии идеи и темы эпоса «Сейтек», характера героев богатырей. В эпосе богатыри Сейтек, Карадөө, Сарыбай, Куялы, Кыяз как эпические герои отличаются внутренним миром, характерами.*

***Ключевые слова**: Тема и идея художественного произведения, поэтика, художественные средства, характер героя, традиционная поэзия.*

*In the article the author tells about the means that Sayakbai uses when revealing the idea and theme of the epics "Sejtek", the character of the heroes. In epic heroes Sejtek, Karadoo, Sarybai, Kujaly, Kiyaz as epic heroes differ in the inner world, characters.*

***Key words:** Theme and idea of an artwork, poetics, artistic means, character of a hero, traditional poetry.*

Окуялар системасы “Манас”, “Семетейден” ары «Сейтек» эпосунда кыргыз турмушундагы феодалдык мамилелердин андан ары тереңдешин баяндайт. Экинчи бөлүмдө (“Семетейде”) онунан чыкпаса да кыргыз урууларын, элди бириктирүүгө болгон аракет бар, ал эми «Сейтекте» андай аракет, тема менен идея да жок, Талас эли – ногой уруусу бүт кыргыз журтчулугун туюндурган сыяктуу. Кыргыздын бир уруусу жедигер эли да бөтөн, чоочун калк катары кабылданат. Бул феодалдык эзүүнүн, бытырандылыктын дагы терендегенин көрсөтүп турат. Анткен менен «Семетейдеги» деңгээлден аз да болсо кандайдыр бир тепкич жогору көтөрүлүү бардай. Болгон жарак-жабдыкты баатырлардын бири асынып, жалгыз тулпар атты минсе эле калганы жараксыз, атсыз жөө калган көрүнүш «Сейтекте» жок. Мында ар бир баатырдын өз курал-жарагы, соот-тону, кайгуулга минчү тулпар аты бар. Кургак мактоолор көбүрөөк орун алган Семетейден (эпостун ал бөлүгү лиро-эпикалык мүнөз күтөт эмеспи) айырмаланып, үчүнчү

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

бөлүмдөгү Сейтек реалдуу мүмкүнчүлүктөргө ээ баатыр катары көрүнөт. Кыяз... «Сейтек» эпосунда улуу державалык доор өзүнүн апогейине жетип, акыры ойрондолгон кабылан Манастын заманынан кийинки башаламандыктан бир азга болсо да эсин жыйып, чектелген тар алкакта болсо да оңолууга багыт алган учур чагылдырылса керек.

Таластагы жедигер уруусуна Карадөө кан болоору менен элди бириктирүүгө адепки кадам ташталган сыяктуу сезилгени менен, а иш жүзүндө андай деле эмес. Бири-биринин бийлик жүргүзүүгө болгон укугун сыйлаган, достук мамиледеги эки башка феодалдык өлкө катары Сейтек анын ички иштерине кийлигишпейт. Кийинки окуялар ачык көргөзгөндөй, ал Карадөө өлгөндөн кийин жедигер элинин башчылыгына өзүнүн ишенген кишисин коюуну ойлоп да койбойт. Демек, «Сейтекте» феодалдык бытырандылык чегине жете терендегени айныксыз. Мына ушул нерсе эпостун темасы менен идеясын аныктап турат.

Эл-жерди коргоо темасы «Сейтекте» да биринчи орунда турат. Ички чыр-чатактар жөнгө салынгандан кийин башкы каарман Сейтектин бардык көңүлү Мекендин чегин бекемдөөгө, тыштан басып кирген жоолорго каршы күрөшүүгө бурулат. Сарыбай дөө менен согуш бул максаттын маанилүүлүгүн бардык жагынан бекемдеп, анын идеялык мазмунун чыңдап турат.

**Сейтектин эпостук каарман катары мүнөзү.** Эпостук салтка ылайык, Сейтектин төрөлгөнгө чейин, анан жаңы төрөлгөнүндө эле келечекте эл камын көргөн адилет башкаруучу, теңдешсиз баатыр болору билинет. Ал теңдешсиз балбан, баатыр, акылдуу, эстүү бала болуп чоңоёт. Ата-энесинин тек-жайын, бул жакка каяктан, эмне болуп келишкенин Сейтек алгач атасы Семетейдин досу Карадөөдөн угат. Канчоро, Кыяздарга каршы адилеттүү каары козголуп, бир тууган эли-жерин, абасы Күлчорону, чоң энеси Каныкейди, чоң бабасы Бакайды туткундан бошотууну алдына максат кылып коёт. Күлчорону кулдуктан куткарып, денесиндеги жараатынан айыктыруу үчүн алыстан атайы дарыгер чакыртат. Жаңы сакайып, эми өзүнө келген Күлчоро токтоосуз Кыязга каршы жөнөйүн десе, жаш болсо да эси бар Сейтек ага “кандай болчу алыңыз, алыңызды сынаңыз, күчүңүздү билиңиз, мурдагыдай күч болсо, ал-абалың бүт болсо, анан жоого тийиңиз”, - дейт.

Кыяздан кийин Карадөө кан болгону, Сейтектин бардык ой-мүдөөсү, тилеги ата-бабасынын Мекени Таласка кетүү тууралуу болот. Ал мындай оюн энеси Айчүрөк менен абасы Күлчорого айтып, катуу таарыныч кылат. Мында Сейтектин алыскы Мекенине болгон кусасы, зулум Канчоронун ээүүсүндө калган Бакай бабасына, Каныкей чоң энесине, жалпы карапайым элге болгон аёо сезими, аларды эркиндикке чыгарууга умтулуусу – патриоттук толгонуулары бүт чагылдырылат. Таласка бараткан жолдо азапта калган Буурулду көрүп жаны кейип, заманасы куурулат. Ошондо Сейтек энекеси менен абакесинен чоң энеси Каныкей менен карт Бакайды бошотуп келүүгө уруксат сурайт. Күлчоро: «Канчоро оңой жоо эмес» деп кошо бармакчы болгондо Сейтек:

Каканга кол салчудай, карааны тоодой абасын,  
Жолдош кылды дебейби, жоо ушагы жебейби!  
Туюктап жолду чала албай, төтөлөп жүрөт дебейби,  
Күлүстөнү Күлчоро, жетелеп жүрөт дебейби!, -

деп макул болбойт. Мында Сейтектин намыскөйлүгү, эч нерседен тайманбас курч мүнөзү баамга урунат. Сейтектин эл жоопкерчилигин аркалоого мүмкүнчүлүк бере турган баатырдык, балбандык сапаттары, атасы Семетейге, чоң атасы Манаска тете татыктуу уул экени толугу менен кийинчерээк – Сарыбай дөөгө каршы согушта ачылат. Ат жалын тартып мингени биринчи согушу, андан да Желмогуз уулу Сарыбай сыяктуу күйүп турган өрт менен болгон уруш экенине карабай, алгачкы күнү эле тайманбай качырып кирип, артылта найза сунуп, абасы Күлчорону өлүмдөн алып калат. Күлчоро Сейтекти: «Бул өңдөнгөн чоң жоого, ботом, беттешер чагың боло элек!» – деп жемелеп алыс алып кетет. Кийинки күнү Сейтек жекеге чыкты эле, Сарыбайга тең келиш чындап кыйын экен. Дөө каарын төгүп, айбалтасын шилтейт. Ажалы жок да, Сейтек анын балтасын араң кайра

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кагып үлгүрөт. Сарыбай кайрылып найза сайды эле, жаш баатырды өлүмдөн тонунун калыңдыгы сактап калат. Көп өтпөй Куялы келип, Сейтек ага кайрылып мындай дейт:

Тагдыр жетсе өлөйүн, кутурган экен куу доңуз,
Мен кулжуңдашып көрөйүн, кектүү өчүм алайын.
О эжеке, Куялы, Акыл айтсаң угамын,
Бир кезекти бериңиз, Сарыбай жолун сурадым...

Бул өтүнүч анын ажалдан тартпас шер экенин дагы бир жолу айкын далилдеп турат. Корксо, кезекти жаңы келген Куялыга берип, өзү четке чыга бермек. Баатыр кыз каршы болбогон соң, Сейтек атырылган бойдон барып, Сырнайза менен Сарыбайды сайып өтөт. Экөө жан аябай күнү-түнү салгылашат. Оомат Сейтекке өтүп, Сарыбайдын шайы оой баштайт. Ошондо Сарыбай амал ойлоп, Сейтектен жети күн мөөнөт сурайт. Ак көңүл Сейтек макул болот. Жети күн уктап эс алган Сарыбай мурункусунан да күчтүү, каардуу болуп чыга келет. Эми ага жаш баатыр Сейтектин эле эмес, адамдын сырттаны Күлчоронун да алы келбейт. Сейтектин минтип жоого алдатышы, энөөлүк, ишенчээктик мүнөзү кайсы бир деңгээлде атасы Семетейди, чоң атасы Манасты эске салат. Бирок акырында элге тынччылыкты, бейкутчулукту алып келүү менен, Сейтек атасы, чоң атасы жетпеген улуу максатка жетип отурат. Сейтектин образы мына ушунусу менен баалуу.

**Карадөөнүн мүнөзү.** Эпостогу белдүү баатырлардын бири Карадөө эң биринчи эле достук шертке бекемдиги менен көзгө урунат. Анын достукка туруктуулугу акыреттик досу Семетейдин артында калган чүрпөсү жаш Сейтектин чоңоюшун чыдап күтүп, анан ага ата-тегинин жөн-жайын айтып, мындан ары карай бүтүрө турган иштерине багыт бергенинен даана байкалат. Качандыр дайынсыз жоголгон досунун кадыры үчүн Карадөө анын жакын чоросу Күлчорону айык-тырууга болгон мүмкүнчүлүгүн жумшап кызмат кылат. Дегинкиси, Карадөөнүн Сейтектин душмандарын жеңип, элине ээ болушундагы ролу эбегейсиз. Семетейди адеп көргөнүндө анын кубанычы тоодой болуп, токтоосуз Таласка ээрчитип кетүүгө ашыгат. Ички дилинин тазалыгынан өзү сүйүнчүлөп баргандагы жеңеси Айчүрөктүн кубанычы, бактысы анын кубанычына, бактысы айланып, ырыска тунат. Өзү ба-шында туруп, Семетейдин элге кошулушунда чоң эмгек сиңирет.

Карадөө ошондой эле теңдешсиз баатыр да. Сейтектин чоңоюшун күтүп отурбай, Канчорону өлтүрүп, элди эркиндикке чыгарганга анын өз мүмкүнчүлүгү деле жетмек. Бирок, эпостогу окуялардын өнүгүш логикасы боюнча элди зомбулуктан Сейтек гана бошотуп, Канчорону Күлчоро, Айчүрөктөр өлтүрүшү керек. Мына ошон үчүн Карадөө ал күндүн келер саатын күтүүгө аргасыз.

Достун бала-чакасы, жалпы эл деп күйгөнү үчүн ал «жердин түбү Желпинишке» дейре кайгуулдап, каардуу жоо туурасында Сейтек, Күлчоролорго кабар айттырып, алар жыйналып келгичекти душманды өткөрбөй кармап турмакчы болот. Карадөөнүн ченемсиз эрдиги, опол тоодой кайраты айрыкча мына ушул Желмогуз уулу Сарыбай менен болгон жекеме-жеке беттешүүсүндө даана көзгө урунат. Бирок Сарыбайдай дөө менен кармашуу кыйын, опурталдуу да. Күч тең эмес эле. Эгер каала、са, Карадөө башында эле урушпай кетип кала алмак, бирок аны жигиттик ар-намысы, баатырдык абийири коё бербеди. Акыры өлдү. Артка качпай, кармашып жатып өлдү. Карадөөнүн мисалында чыныгы, түбөлүктүү дос кандай болушу керек экени жөнүндө элдик түшүнүк берилген.

**Куялынын мүнөзү.** Залкар жомокчу Саякбай Каралаев Желмогуз уулу Сарыбайды жеңүүдө биринчи орунга алп кыз Куялыны алып чыгуу менен, Семетей, Сейтек, Күлчоролордун барк-баасын төмөндөтпөйт. Ар бир баатырдын шартына карата калыс чечмелейт. Мурунку бөлүмдөрдө белгилүү болгондой, «Манас» үчилтигинде согуш ишине активдүү катышкан баатыр аялдар аз эмес. Куялы да ошондой жолборс жүрөк, каарман аялдардын бири. Анын эрдиги эпосто эң бир күчтүү пафос менен поэтизацияланып, жогоруда аталган персонаждардан да ашкан балбан, баатыр болуп көрсөтүлөт. Ага карата мындай мамиле баатыр уулдардан кем калышпаган мыкты аялдарга болгон элдик сүймөнчүлүктүн өтө тереңдигин да-лилдейт. Куялы негизинен согуш үстүндө сүрөттөлгөндүктөн, анын эрдик мүнөзүнө айрыкча күчтүү басым жасалып,

аялдарга таандык сулуу өң-түсү, назиктиги жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Куялынын образы көбүнчө эпикалык баатыр катары традициялуу мотивдер менен коштолот. Мындай баатыр кыздардын эпикалык образы дүйнө элдеринин адабиятында да кеңири кездешет.

Куялынын образы эпостун мазмунуна атайылап, максаттуу түрдө киргизилгендей. Чынында Сейтек Сарыбайды жеңбеди беле, ошол боюнча калтырса да болмок. «Бирок, элдик эпостун бирден-бир касиети кандайдыр бир турмуштан тышкары каармандарды мактап, даңазалай берүү эмес. Карапайым адамдардын арасында да не бир баатырлар бар экендигин көргөзүү эпостун элдүүлүгүн күчөтмөк. Дал мына ушундай образга Кайыпчал кызы Куялы кирет. Ал – кандайдыр чукулунан гана табыла калган образ эмес, поэманын бүткүл идеялык агымы менен даярдалган образ»[1, 13-б.].

Семетейди небактан жактырып жүргөн Куялы жардамга келгенинде: «Сарыбайды жеңсем, Семетей мага үйлөнсүн!» – деп шарт коёт. Семетей буга кескин каршы чыгып, акырында Бакай, Каныкейлердин кеңеши, Айчүрөктүн өтүнүчүнөн улам гана макул болот. Сарыбай өлтүрүлгөн соң, убада боюнча Семетей менен Куялынын кыяматтык никеси кыйылат. Ушундай эле көрүнүштү биз Манас менен кыз Сайкалдын мисалынан да байкай алабыз. Мындай учурлардын баатырдык эпостор үчүн салт болуп калышы мыйзамченемдүүдөй. «Анткени кыздардын Куялыга окшоп жактырганына турмушка чыгуусу – байыркы матриархаттык мамиленин көркөм чагылышы» »[2, 47-б.] экени эч шек туудурбайт.

Куялынын башкы миссиясы Сарыбай сымал адаттан тыш кара күчтү, залимдиктин ур токмогун таш-талканын чыгарып жеңүү болгондуктан, жомокто анын аялзатына тиешелүү сулуулук, наздуулук, сапаттары айтылбайт. Башкы көңүл кыздын баатырдык, балбандык өзгөчөлүктөрүн болушунча толугураак, даанараак ачып берүүгө бурулат. Мындан аны бир түрү суук, желмогуз кейиптенген аял катары кабылдаган түшүнүк келип чыкпашы керек. Куялынын портрети жомокчу тарабынан чоң сүймөнчүлүк менен бери жагы эле беш-алты жолу тартылат. Анан ал портреттик сөөлөт-келбеттердин бири экинчисин кайталабай, өз-өзүнчө оригиналдуу, жогорку көркөмдүк деңгээлде сүрөттөлгөнү менен баалуу.

**Кыяз.** Кыяз Толтойдун иниси, жедигер уруусунун баатыры, Семетей, Күлчоронун сөөк өчтү душманы. Агасы Толтойдун бөөдө өлүмгө учураганы үчүн, мүмкүн, кек куумак деле эмес. Экинчи бөлүмдүн аяккы эпизодунда Канчоронун азгыруусу менен чоң чырга аралашып, Семетейдин ордолуу шаарынын бузулушуна себепкер. Айчүрөктү олжо аялдыкка алып, туткунга түшкөн Күлчорону далысын оюп туз салып кыйнап, кулдукка айдап кетет. Түбүнө акыры Айчүрөктүн ичиндеги бала жетерин билип, төрөл-гөндө, андан кийин да өлтүрүп салууга көп аракет кылат. Кыяздын каардуулугу, ырайымсыздыгы жетишерлик. Жеңеси Айчүрөккө учурашканы келгенде, «Карагул эмгиче эмне муну тирүү кармап жүрөт?!» деп ачууланып, аз жерден өлтүрүп коё жаздайт. Кыяздын антип жулунушунун да өзүнчө себеби бар. Анткени Күлчорону канчалык кордоп кыйнашса да жүрөгү өлбөгөнүн, акыры башына токмок болуп тиерин ал эң сонун билет.

Кыяздын жалтактыгы да бар. Ошо жалтактыгынан Айчүрөк чындап ачууланганда, кирерге жер таппай калат. А балким, Чүрөктү сүйгөнү үчүндүр?.. Бирок Кыяз ордолуу шаарын бузуп, күч менен өзүнө олжо аял кылып алганы үчүн, Айчүрөк аны кечире албайт, ага дилин, дитин берген жароокөр аял болуп бербейт. Баласы Сейтектин чоңоюш убагын күтүп, анын түбүнө жетейин, ишин бүтүрөйүн дегенде эки көзү төрт.

Кыяз да оңой жоолордон эмес. Кыязды жеңүү кыйын экени үчүн Айчүрөк аны амал менен Тоотору атынан ажыратат. Тооторудан ажырап, андан да Кылкүрөң жыгып кетпегенинде, жөө Күлчоронун андан жеңилери турулуу иш болучу. Күлчоро иши ак болгону үчүн жеңишке жетишти. Демек, Кыяз буга чейинки кылмыштары үчүн өлүмгө кириптер кылынып отурат.

**Сарыбай**. Бул каарман жердин түбү Желпиништи жердеген дөө Желмогуздун уулу. Майданда Желмогуз Манас колдуу болуп өлтүрүлгөндө, Сарыбай сегиз жашта экен. Эми эр жетип, Манастын тукумун түгөл кырам деп белсенип отурат. Мифтик доордун алыскы жаңырыгы катары Сарыбайдын өзү да атасы Желмогуз сыяктуу ошол циклоп-дөөлөргө

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ылайык адат-мүнөзгө, теңдешсиз күчкө ээ. Ырайымсыз кара күчтүн ур токмогу мисал жеке эле Манастын өзүнө жана укум-тукумдарына гана эмес, бүткүл адам баласына кастарын тигип, түгөл жеп-жутсам дегенде эки көзү төрт.

Сарыбайдын айтса ооз баргыс ырайымсыздыгы айрыкча Карадөөнү өлтүргөндөгү эпизоддон даана көрүнөт. Өлтүрө сайганына ыраазы болбой, ал Карадөөнүн башын кесип алып, ичиндеги кара канды кочуштап жутат. Сарыбай үчүн жекеге чыгуунун баатырдык салтынын бузулушу кеп эмес. Куялы кезек сураганда, жооп берүүнүн ордуна кара жаак айбалтасы менен камынтпастан карсылдатып жиберет. Эптеп жеңишке жетиш үчүн Сарыбай арамзалыктан, алдамчылыктан да кайра тартпайт.

Сарыбайдын көпкөн мүнөзү, оройлугу, Куялыга жасаган айбандык мамилесинен ачык байкалат. Ал кызды оозго алгыс сөздөр менен сөгүп, «Кайыпчалдын сетер күң ала турган катыным!» деп дөгүрсүп төшүн каккылайт. Оюна койсо, Сарыбай Куялыны басынта тебелеп туруп, олжо аял кылып алгысы бар. Кармаш катуу жүрүп, баатыр кыз аны найза менен далысынан чыгара саят, муну менен ушул баталдык окуя аяктайт.

**Эпостун көркөмдүк өзгөчөлүгү.** «Сейтек» эпосундагы туруктуу ыр түзүлүштөрү, көркөм сөз каражаттары, негизинен, үчилтиктин мурунку бөлүмдөрүндөгүдөй. Маселен, «Манаста» да, «Семетейде» да кеңири кездешкен эпикалык окуялардын арасын туташтыруучу «муну мындай таштайлы» өңдүү салттуу саптар «Сейтекте» да бар, Саякбайдын вариантында “Аны мындай таштайлы, быягынан баштайлы, ай бөксөрүп күн өтүп, арадан мынча жыл өтүп”... деген туруктуу формалар кийинки бир көлөмдүү окуяга өтүүгө жол ачат. Мындай ыр түзүлүштөрү ошентип бир аз өзгөрүүгө учурап, же мурунку эле бойдон улам кайра кайталанат. Бул сыяктуу туруктуу ыр түзүлүштөрүнүн болушу эпосту нөшөрлөтүп төгүп аткаруу процессинде от алып алган ыргак-күүсүнөн капысынан жанып, бузулуп калбашы үчүн абдан көмөкчү, тактап айтканда, жомокчу аларды токтоосуз ошо зарыл учурунда баяндоого кошуп жиберет.

Баатырларды жай турмуш бат эле тажатат. Ошондо алар:

Урунарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай,
Кирерине чаң таппай, тийишерге жан таппай,

- ээлигип турушат. Мындагы туруктуу формалар негизинен окшош, бири-бирине синоним катары. Көңүл буруп карасак, бул жерде ырасында эле «урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай» деген сыяктуу ыр саптары түк өзгөрүүсүз колдонулуп, ал эми «киререине чаң таппай, тийишерге жан таппай» фразаларындагы сөздөр толугу менен бири-бирине маанилеш компоненттер экени көзгө урунат. Мындай ыр үлгүлөрү тексттен эркин орун алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен, баяндалып жаткан сүрөттөлүшкө жан киргизип, эпостук чыгармаларга мүнөздүү салттуулукту чыңалтып бекемдейт.

Эгер эпикалык каарман айтылган убаданы бек сактабай, чыккынчылык ишке бара турган болсо:

Аккелте мылтык огу урсун, ак милтенин чогу урсун!
Төбөсү бүтөө көк урсун, төшү түктүү жер урсун!, - деп ант беришет. Мындай эпикалык ант жалпы «Манас» үчилтигинде кеңири учуроо менен, байыркы кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашынан, диндик түшүнүктөрүнөн кабар берет. Эпикалык баатырлардын кайсы бири душманын жок кылууну чындап беттеп калганда, жомокчу сөзсүз төмөнкүдөй ыр саптарын колдонот:

Кабырганын кашы деп, как жүрөктүн башы деп,
Өлгөндөрдүн өзү деп, өлөөрдүн кара көзү деп.

Козголгус таштан бүтсө да, өлө турган кези деп, - деген поэтикалык формаларда берилет. Бул ыр саптарындагы башкы бөтөнчөлүк – элестүүлүк. Жомокчу катардагы адам пендесинен өзгөчөлүү чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнөн улам андагы согуш сценаларынын берилиши кудум өзүбүз аралашып жүргөндөй, ошол өткөн замандар туурасында түстүү көркөм тасма көрсөтүлүп жат-канындай таасир калтырат. Бакырык, кыйкырык, аттардын чаңды асманга сапырган дүбүрттөрү, кошкуруп кишегендери, курал-жарактардын шаңгырап кагылышы… Ана, эрегиштин катуулугунан найзанын баары

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

«кыйрап күл болуп», «куюшкан менен басмайыл быт-чыт болуп үзүлүп», тигинтип ула бири «ээрден арты бултайып, үзөңгүдөн бут тайып», катары менен боо түшүп кырылууда. Мында жаракат алган адамдын эти ооруп, жаны көзүнө көрүнгөн өкүрүгү, коркогураагынын жүрүп жаткан кандуу уруштун сүрүнөн эле жалтайлап, улам артка кетенчиктеп качканы, каарман жоокердин душманын жер каптыргандагы көздөрү жайнап кубанып, дагы күчөп атышып-чабышууну эңсеген абалы, өчүккөн жоосун кубалап жетпей калгандагы өкүнүч-өксүгү – бардыгы бар.

Туруктуу ыр саптары жомоктун көркөм түзүлүшүндө, айрыкча согуш мотивдерин чагылдырып берүүдө өзгөчө роль ойнойт. Буларсыз согуш картиналарынын көрүнүшүн өзүнүн табигый абалынан бузбай, деңгээлинен түшүрбөй көз алдыга келтирүү эч мүмкүн эмес. Нечен жүздөгөн жылдардын сынагынан өткөн мындай туруктуу ыр саптарынын болушу эпосту жомокчулардын улам кийинки муунунун өздөштүрүүсүн жеңилдетип, натыйжада мурункусун ошол калыбында сактап калуу менен эле чектелбей, аны дагы да жаңы табылгалар менен байытууга, көркөмдүк деңгээлин арттырууга кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзүп келгени кадиксиз.

«Сейтек» эпосунун, жалпы «Манас» үчилтигинин баатырдык эпос катары эстетикалык мүмкүнчүлүгү, көркөмдүк баалуулугу так ушу согуштук мотивдер менен жана аларды чагылдырып берүүдө маанилүү компоненттерден болуп келчү туруктуу ыр түзүлүштөрү – көркөм сөз каражаттары аркылуу аныкталат.

**«Сейтектин» «Манас» үчилтигин жыйынтыктоодогу мааниси.** «Сейтек» – «Манас» жомогунун корутунду бөлүгү. Мына ушул бөлүмдө жалпы үчилтикке логикалык жыйынтык чыгарылат. Эпостун варианттарынын басымдуу көпчүлүгүндө окуя Канчоро менен Кыяздын өлүмү, Сейтектин элди азаттыкка чыгарып кан болушу менен бүтөт. Эпостун мындайча аякталышы бир чети мыйзам-ченемдүүдөй. Себеби биринчи бөлүмдө башталган кыргын согуш аягына чыгып, улам бир азапка малынган эл «Сейтекте» гана эркиндикке – небактан бери эңсеген тилек-максатына жетип, кандуу согуштар токтогон бейпил күн келип отурат. Мындай болгон соң, кайра эле караламан калкты жаңы, мурункуларынан кем эмес оор сыноолорго туш кылып, кыйноого салган азаптуу кыргын согуштун башталышынын эми эч кимге деле кереги жоктой.

Анткен менен окуяны Сейтектин кан болушу менен токтотуп койгондо, жомок көп нерседен уттурчудай. Эпостук салт боюнча эл башында адилет, баатыр уул туруп, ал азаматтын эл-жерин кандай гана күчтүү душмандан болсо да абийирдүүлүк менен коргоп кала алгандай, катылгандын катыгын бергендей мүмкүнчүлүгү болушу керек. Окуя жогорудагыдай аяктаганда, эл жоопкерчилигин, милдетин мойнуна алган Сейтектин баатырдык, балбандык сапаттары такыр эле ачылбай калганы турат. Чынында эле ал элге өзү ээ болгонго чейин кандай эрдик иштерди жасады? Деги кандайдыр бир маанилүү иштерди бүткөрө алдыбы? Артка саресеп салып кайрылсак, Сейтектин ат жалын тартып мингени эч кандай деле көзгө толорлук эрдик көрсөтпөгөнүн көрөбүз. Андай мүмкүнчүлүгү да болбоду. Бир гана жылкы башы Карагулду жыга чаап, анан Таласка бараткан жолдогу соодагерлерди кубалап кырганы болбосо, анын эң башкы ири душмандары Кыяз, Канчоролор да Күлчоро, Айчүрөктөрдүн колунан өлүшөт. Негизги душман жеңилип, бейпил заман келгени менен, өзүн али көрсөтө элек жаш баланын эл жоопкерчилигин аркалап калышы эч кандай ишенимдүүлүктү туудурбайт. Ал эми жанагы сөз арасында «теңдешсиз баатыр», «балбан» деп мактала бергени айныксыз фактылар менен бекемделбегенден кийин, жөн гана кур сөз, ооздун жели сыяктуудай. Эпостун жогоркудай аякталышы жомоктун толук укуктуу «автору» болгон жалпы көпчүлүктү – элди түк да алымсындырбас эле. Кандай болгондо да улуу муундун өкүлдөрүнүн: Бакайдын, Каныкейдин, Семетейдин, Айчүрөктүн жана Күлчоронун түбөлүк өлбөстүккө карай жол тартып кетишине чейин Сейтектин эрдик сапаттары ачылышы керек болучу. Мына ошол себептүү Желмогуз уулу Сарыбай дөө менен кармашуу сыяктуу чоң эпизод эпостун сюжетине киргизилип олтурат.

**Адабияттар тизмеси**


1. «Сейтек» – «Манас» эпосунун үчүнчү бөлүгү. [Текст] / Асаналиев  К. Кириш сөз. Китепте: 4- китеп [Текст] / К.Асаналиев.  – Ф.: Кыргызмамбас, 1960. – 450 б.
2. . «Сейтек» – «Манас» трилогиясынын корутунду бөлүгү [Текст] / А.Жайнакова. – Ф.: Илим, 1984. – 563 б.
3. Сейтек. [Текст] / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча // Толукталып, экинчи басылышы. –Бишкек: Турар, 2013. - 1169 б.